**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Арсенге эң кыска жол менен дүкөнгө жетиши керек.

Эгер ар бир үйдүн капталы 30 м, көчөнүн туурасы 3 м болсо, үйдөн дүкөнгө чейинки эң кыска жолду эсептегиле.

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 132 м
Б) 150 м
В) 162 м
Г) 165 м

**Дүкөн**

Үйлөр план боюнча квадраттар менен көрсөтүлгөн. Үйлөрдүн ортосундагылар - көчөлөр.

Мында М - дүкөндүн жайгашкан жери,
Д - үйдүн жайгашкан жери. Чекиттер менен үйгө жана дүкөнгө кирүү, чыгуу көрсөтүлгөн.




**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү:**

Мазмун аймагы: мейкиндик жана формалар
Компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
Контекст: өздүк
Деңгээл: орточо
Жооптун формасы: бир туура жоопту тандоо
Баалоо объектиси: аралыкты эсептөө, натурал сандар менен амалдар, геометриялык маселелерди чыгаруу.
Максималдуу упай: 1 балл
Текшерүү ыкмасы: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Г) 165 м |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**
***2-тапшырма.***
Арсен 3 литр шире сатып алышы керек. Өздүк наркын үнөмдөө менен кайсы шире таңгактарын сатып алуу пайдалуу болот?
*Таблицадан бир туура жоопту тандагыла:*
А) 42 сомдук 0,75 л таңгак
Б) 30 сомдук 0,5 л таңгак
В) 60 сомдук 1 л таңгак
Г) 87 сомдук 1,5 л таңгак
**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Дүкөн**

Арсендин үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары “Джус” ширесин жакшы көрүшөт. Дүкөндө ар кандай өлчөмдөгү таңгактарда «Джус» ширеси сатылат.

| № | Таңгак, л | Таңгактын баасы, сом |
|---|---|---|
| А) | 0,75 | 42 |
| Б) | 0,5 | 30 |
| В) | 1 | 60 |
| Г) | 1,5 | 87 |

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: толук, кенен жооп берүү
- Баалоо объектиси: таблица түрүндөгү маалымат менен иштөө, ондук сандар менен амалдарды аткаруу
- Максималдуу балл: 2 балл
- Текшерүү ыкмасы: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | А) 42 сомдук 0,75 л таңгак, деген жооп тандалып, толук чыгарылышы менен берилсе<br>3:0,75 = 4 таңгак<br>42×4=168 сом |
| 1 | А) 42 сомдук 0,75 л таңгак деген жооп тандалып, чыгарылышы толук эмес же эсептөөдөн бир ката кетсе. |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Арсен дүкөндөн 2300 сомдук товар сатып алган.

Арсен үнөмдөлгөн акчага төмөндөгү нерселердин кайсынысын сатып алса болот?




**Туура жооп тандагыла:**

А) торт

Б) чипсы

В) какао

Г) шоколад

**Дүкөн**




Арсен дүкөнгө келгенде акция жүрүп жаткан. Эгер 2000 сомдон жогору суммага товар сатылып алынса, анда бардык сатып алууга 9% арзандатуу колдонулган.

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: өздүк
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: туура жооп тандоо
- Баалоо объектиси: ондук бөлчөктөр менен амалдарды аткаруу
- Максималдуу балл: 2 балл
- Текшерүү ыкмасы: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Б) жана Г) тандалса |
| 1 | Б) же Г) тандалса |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |